КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
АТ-БАШЫ АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
АТ-БАШИНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722600, Кыргыз Республикасы, Ат-Башы айылы, М.Өмуракунов көчөсү 133

E-mail: adm53@shailoo.gov.kg

Тел. (03534) 2-34-14

722600, Кыргызская Республика, село Ат-Башы, ул. М.Омуракунова 133

E-mail: adm53@shailoo.gov.kg

Тел. (03534) 2-34-14

**14.04.2021-ж.** **Ат-Башы айылы**

**ЧЕЧИМ № 42**

**Ат-Башы районундагы №4001 Токой участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра санап берүүнү талап кылып жазган талапкер Б.Байтемировдун арызын кароо жөнүндө**

Ат-Башы айылдык кеңешине Токой округунан талапкер Б.Байтемиров Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясына жергиликтүү кеңештердин депутаттарына 11.04.2021-ж. болгон шайлоонун жыйынтыгы боюнча №4001 Токой участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра санап берүүнү талап кылып арыз менен кайрылган.

Кыргыз республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 36-беренесине ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары шайлоо участкасында добуш берүү аяктагандан кийин токтоосуз чыгарылат. №4001 Токой шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгы талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулар катышуусунда эсептелип чыгарылып кол коюлуп түзүлгөн. Б,Байтемиров добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра эсептөөнү ошол учурда участкалык шайлоо комиссиясына талап кылса, шайлоо бюллетендерин кайра эсептелинип берилмек. Ал эми аймактык шайлоо комиссиясы кайра саноону өз алдынча жүргүзө албайт жана участкалык шайлоо комиссиясынын печать менен таңгактап бекиткен шайлоо бюллетендерин өз алдынча ачууга укугу жок экени арыз түшүндүрүлдү.

Жогорудагылардын негизинде Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Б.Байтемировдун арызы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууда мыйзам бузуу фактысы жок экени белгиленсин.
2. Б.Байтемировго арызы боюнча добуш берүүнүн жыйынтык протоколунун көчүрмөсү берилсин.
3. Бул чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына маалымат үчүн жиберилсин.

**Төрага** **А.Алымбекова**

**Катчы** **Д.Жумабаева**